руханий-адептик факторлор турушу керектигин көрсөтүүдө. Эгер адамдын аң-сезими гуманизм, жоопкерчилик жана тынчтык маданияты менен калыптанбаса, анда кандай гана технологиялык жетишкендик болбосун адамзаттын келечегин толук камсыздай албайт.

Колдонулган адабияттар

1. Айтматов Ч. Кылым карытар бир күн. - Бишкек: Кыргызстан, 2018.
2. Айтматов Ч. Кыямат. - Бишкек: Турар, 2016.
3. Айтматов Ч., Икеда Д. Ода величию духа. Диалог. - Москва: Известия, 1994.
4. Гумилев Л. Н. Этногенез и биосфера Земли. - Москва: Айрис-Пресс, 2007.
5. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. - Бишкек, 2002.
6. Макаренко А. С. Педагогическая поэма. - Москва: Художественная литература, 1987.
7. Сухомлинский В. А. Сердце отдаю детям. - Москва: Просвещение, 1981.
8. Ушинский К. Д. Человек как предмет воспитания. - Москва: Педагогика, 1990.

Рецензент:

УДК: 398.1; 298.22
DOI 10.58649/1694-9099-2026-2-124-127

Уразбаева К.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
УразбаеваК.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Urazbaeva K.A.
KNU Jusup Balasagyn

ЭЛҮҮБАЙ ОТУНЧИЕВДИН “ЖЕҢИЖОК” ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ АДАМ ЖАНА ТАБИЯТ МАСЕЛЕЛЕРИ
ПРОБЛЕМЫ ЧЕЛОВЕКА И ПРИРОДЫ В ПРОИЗВЕДЕНИИ “ЖЕНИЖОК” ЭЛУУБАЯ ОТУНЧИЕВА
THE PROBLEM OF MAN AND NATURE IN ELYUBAY OTUNCHIEV’S NOVEL “JENIJOK”

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Элүүбай Отунчиевдин “Жеңижок” романындагы адам жана табият маселелери каралган. Кыргыз поэзиясындагы акындын орду философиялык чыгармачылык менен байланышкандыгы жана анын адам жана табият жөнүндөгү ой-толгоолоруна, поэтикалык өзгөчөлүктөрү изилдөөгө алынган. «Жеңижок» романындагы табият жана адамдын темасынын жеке өзгөчөлүгү жана ар бир импровизациялык табылга Жеңижокко гана тиешелүү экендигин факт-материалдардын негизинде далилдөөгө арналган.

Аннотация: В данной статье рассматриваются проблемы человека и природы в романе Элүүбай Отунчиев “Жеңижок”. Анализируется связь творчества акына с философским мировоззрением, а также исследуются его размышления о человеке и природе, поэтические особенности произведения. Статья посвящена доказательству того, что своеобразие темы человека и природы в романе «Жеңижок», а также каждая импровизационная находка являются индивидуальными особенностями, присущими исключительно Жеңижоку, что подтверждается на основе фактических материалов.

Abstract: This article examines the issues of human and nature in the novel “Jengijok” by Eluubai Otunchiev. The study analyzes the connection between the poet’s творчество and his philosophical worldview, as well as his reflections on human beings and nature and the poetic features of the work. The article aims to demonstrate, based on factual materials, that the distinctive interpretation of the theme of human and nature in

the novel “Jengijok,” as well as each improvisational artistic finding, are unique characteristics inherent only to Jengijok.

Негизги сөздөр: адам; табият; философия; синергетика; контекст; поэтика.
Ключевые слова: человек; природа; философия; синергетика; контекст; поэтика.
Keywords: human; nature; philosophy; synergetics; context; poetics.

Элибиздин залкар акындарынын чыгармалары руханий гана мурас катары урпактан-урпакка берилип, аң-сезимибизде, жан дүйнөбүздө жашап калбастан, алар байыркы кыргыз элинин басып өткөн кылым карытар тарыхы болуп саналат. XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында жашап өткөн жез таңдай акын Жеңижоктун чыгармалары эл эсинде ушу бүгүнкүгө чейин сакталып, айтылып келет. Албетте, ал өзгөчө аалам, жаратылыш туурасындагы философиялык ой-толгоолору менен ааламдын алп акыны экенин далил катары - чабыттары терең, учкул ырлары менен өзүнө замандаш чыгаан акындардын алдыңкы катарында болгон. Терең ойчул Жеңижок - алардын эң бир көрүнүктүүсү.

Жеңижок бабабыздын алдында кийинки төрт-беш муун кыргыз урпактары улуу мурасын толук сактай албаганы өкүнүчтүү.

Бекеринен Жеңижок акынды замандаштары айтыш өнөрүнүн туу чокусундагы бийиктикке салыштырбагандыр. «Жел жетпеген Жеңижок, айтышарга теңи жок» дегендей Жеңижок камчы салдырбаган, айтышкан ырчыны жеңмейинче койбогон, таланттуу, өнөрлүү, сөз баккан, бирде желдей желип жорткон, бирде чамынып аккан дайрадай, буркан-шаркан түшүп, суудай кирген, бирде муңканып жан-дүйнөнү ыйлаткан, бирде оттой алоолосо, кээде чокко түшкөндөй чырылдап, жан-далбаска салган ыр дүйнөсүн окурмандары баалап, азыркы күнгө чейин эл оозунда айтылып, илимий иштер жазылып келет. Бирок Жеңижок романына кайрылган авторлордун ичинен Элүүбай Отунчиевдин чыгармасындагы адам жана табият жөнүндөгү терең философиясы азыркы убакка чейин изилденбей келет.

Таластан чыккан Жеңи жок,
Ак калпак кыргыз элинде
Таймашарга теңи жок,
Аксыдан чыккан Жеңижок,
Ак калпак кыргыз элинде ,
Айтышаарга теңи жок [1, 179-б].

Өз доорунда казак,кыргыз элдеринде Жеңижок менен теңтайлашып аны жеңген эки элде тең болбоптур, ошол себептен калктын кадырлуу баасына татыгандыр. Бекеринен калыстык менен кадимки Токтогул: «Ниязаалы комуз чертүү жагынан, Жеңижок ырдоо жагынан эч кимди алдына салып көргөн эмес», - деп мойнуна албагандыр. Дүйнөнү, адам тагдырын, аалам кеңдигин, андагы болуп жаткан кубулуштарды, сырдуу окуяларды өтө таасын сүрөттөп, аларды көркөм сөз касиети менен айкалыштырып, ырдаган акындардын бири Жеңижок болгон. Буга сынчы А.Токтогуловдун айтканын мисалга тартсак жетиштүү болоор: «Жеңижок тарбиялык маниси терең, уккан элдин акылына уюй турган кептерди санаттап айткан нускоочу чоң акын, калк алдында бетме-бет чыга келгенде эч кимден жеңилбеген айтыштын устаты, чу деген жерден оозунан ыр куюлган төкмө, өз заманынын окуй билген, жаза билген билимдүү, түшүнүктүү адамы болгон» [4, 15-б].

Бул идеяларында ал барыдан мурда «Адамзаттын баарысын тең жараткан эмеспи» деген өзүнүн философиялык башкы постулатынан чыгат. Демек, ал бир адам бир адамдын алдында кор болуп, бири бийлиги менен алдуу, бири бийлиги жок алсыз болуп туруусун теңсиздик деп эсептейт. «Дүнүйө» деген ырында ал адамдын өзүн тиричиликтин, жаратылыштын фонунда өзүнчө болуп көрсөтүп, анын сулуулугун, гармониялуу жаралганын даңазалайт, ошонусу менен ал көр тириликке басылган, карыптыктан чүнчүгөн кишилердин духун чыйралткысы, адамдык сыймыгын ойготкусу келет.

Анда эртеңки жашоого болгон тилектер да, бүгүнкү тирүүлүктүн зор сүйүүлөрү да, турмуш

агымындагы көйгөйлөр да камтылган.

Жеңижок ошол баа жеткис рухий казына жаратуучулардын бири. Анын ырлары тоо жарып түшкөн суудай бууракандап, ташкын жая, улам толкун курап, даркан агымда тургансыйт. Мейкинди ааандап, чабыт салган куш катары, көк асман бийиктигинде кулач урат.

Элдик бийик рухту сиңирип Жеңижок (Өтө) Көкө уулу өзүнө бүт ааламды көкүрөгүнө батырып, аны таамай чагылдырып нөшөрдөй төгүп ырдаган. Көп ырлары бизге жетпей калганы өкүнүчтүү.

Тогузу болдуң жылдыздын,
Туйгуну болдуң кыргыздын.
Жетиси болдуң жылдыздын,
Жетиги болдуң кыргыздын.
Сабы болдун кылычтын,
Сазы болдуң кыргыздын [1, 187-б].

Аман Токтогуловдун пикиринде: “Ошону менен бирге эле ар кандай адабий талантка баа берүүдө анын чыгармачылыгынын негизги маңызы кайсы жана анын жанында турган кокустук көрүнүш кайсы, ошону туура түшүнүү зарыл. Муну аныктоодо, албетте, биринчи кезекте акын жашап өткөн мезгилдин коомдук-саясий өзгөчөлүктөрү, тарыхый уруттуу жагдайлары, үстөмдүк кылган идеологиясы, моралдык-этикалык жана эстетикалык нормалары, ошондой эле башка маанилүү факторлор, анын ичинде акындын жеке тагдырына байланыштуу орчундуу учурлар эске алынышы керек [4, 17-б.].

Жеңижоктун Москваны көздөй ыр куржунун алып, аларды жаздырам деген максатына жетпей Казандан кайтып келгени жөнүндө да айтылганы бир топ жагдайлары бар.

Элүүбай Отунчиевдин «Жеңижок» үчилтигинде (генеалогиялык принцип боюнча өнүккөн эпикалык чыгарманын түрмөгү) Жеңижоктун өмүр баяны, балалыгы, өспүрүм курагы жана бүтүндөй жашоосу автордук чеберчилик менен сүрөттөлгөн. Жеңижок жөнүндө жазылган башка чыгармалардан айырмаланып, бул үчилтик окуяны чагылдыруудагы, образ жаратуудагы, түркүн түстүү боёкторду берүүдөгү чеберчилиги менен өзгөчөлөнөт. Ар бир бапта өзөктүү окуялар аркылуу Жеңижоктун гумандуу, философиялык дүйнө таанымы, балачактан калыптанып келген көз карашы жана табиятка болгон мамилеси таасын ачып берилген [1, 568-б.]. Чыгармадагы гуманизм пафосу тереңдетилип берилген, жан-жаныбарга, жаратылышка жана адам баласынын жашоосун “Балалык” ырынын мисалында баланын төрөлгөндөн баштап эр жетип чоңойгонуна чейин, ар бир жаш өзгөчөлүгүнө токтолуп 90-100 жашка чейинкисин философиялык дүйнө таанымын эң бир таттуу кыялга чөмүлгөн мезгилин мындайча сүрөттөгөн:

Азыркы жүргөн майда ырчы,
Алтын дөөлөт жаштыктын,
Асылын билбейт баарысы,
Акын Өтө абаңдын
Айтып турган чагы ушу!
Бир жашында билбеген, эки жашар болгондо,
Энесине эркелеп, ыйлап жүргөн балалык,
Элде жокту тапкын деп,
Кыйнап жүргөн балалык,
Үчкө жашы толгондо,
Үй-бүлөдө тили бал,
Үйдүн ичин чаңытып,
Үч көтөрчү жини бар,
Төрткө жашы барганда,
Таңга маал торгойдой,
Сайрап турган балалык [3, 754-б].

Бала чактын маанисин кыргыз журтуна Айдараалы, Аттокур, Сартпай, Чоңду, Кызылчеке, Төрөкул, Нурмолдо, Майлыкожо, Кулунчак сыяктуу көп акындар жайбаптыр деген экен Жеңижок.

Балалыктан башталган адам жашоосу, “суфизм” жашоодогу адамдын тагдыры бул үчилтикте эстетикалык ойдун өнүгүү контекстинде жазылгандыгын байкоого болот.

Жеңижок үчилтигинин автору Элүүбай Отунчиевдин Жеңижоктун Эсенаман, Нурмолдо менен айтышын сүрөттөөдөгү жогорку сүрөткердик чеберчилиги, чыгарманын гениалдуулугунан кабар берет [2, 193-б].

Жеңижоктун чыгармаларынын поэтикасы - бул көркөм түзүмү, ар бир компонетин изилдеп чыгуу жана Жеңижоктун контексттик сөздүгүн түзүү маселеси да турат.

Элүүбай Отунчиевдин чыгармачылыгындагы жаралган синергетика, дагы жаңы изилдөөлөргө жол ачат. Ал Жеңижоктун поэтикасын изилдөө жагынан алдыңкы сапка чыкты, чыгарманын мазмунун, идея-эстетикалык баалуулугун изилдеп, чоң эмгекти жараткан. Акындын ыр казынасы азыркы күндө толук ачылып бүтө элек. Аны өз убагында жыйнап, сарамжалдап кала албадык.

«Арманга толгон муң калды,

Аз кыргызым окууга,

Ак куржун толгон ыр калды», - деп өзү айтып кеткен ак куржун толо ырларын изилдеп, иликтөө бүгүнкү күндөгү ыйык милдеттерибиздин бири. Залкар ырчылардын айткандары -муундан муунга өтүп, адам жүрөгүнүн эңсөө кумарын, асыл обон азыктандырып турган керемет, табылгыс казына.

Колдонулган адабияттар

1. Жеңижок // Акындар сериясы. Залкар акындар. – 2-т. – Бишкек: Шам, 1999. – 174–289-бб.
2. Жусупбеков А. Нурмолдо, Жеңижок, Барпынын тойдогу айтышы // Известия вузов. – 2005. – № 4. – 192–194-бб.
3. Отунчиев Э. Жеңижок: тарыхый роман. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 998 б.
4. Токтогулов Ж. Жеңижок // Агартуу айдыңы. – Электрондук ресурс. – Кирүү режими: Ruhesh.kg (кайрылган күнү: 14.05.2026).

Рецензент: п.и.д., професор Ишекеев Н.

УДК 008(510:5-191.2):930.85
DOI 10.58649/1694-9099-2026-2-127-134

Ян Гокэ
Тарых жана маданият колледжи, Түндүк-Батыш педагогикалык университети
Ян Гокэ
Колледж истории и культуры, Северо-Западный педагогический университет
Yang Guoke
College of History and Culture, Northwest Normal University

МАДАНИЙ БАЙЛАНЫШТАР ӨҢҮТҮНӨН БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ДУНЬХУАН МАДАНИЯТЫНЫН ТАРАЛУУ ЖОЛДОРУН ЖАНА ТААСИРИН ИЗИЛДӨӨ
ИССЛЕДОВАНИЕ ПУТЕЙ ПЕРЕДАЧИ И ВЛИЯНИЯ ДУНЬХУАНСКОЙ КУЛЬТУРЫ В ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ С ТОЧКИ ЗРЕНИЯ КУЛЬТУРНЫХ СВЯЗЕЙ
RESEARCH ON THE TRANSMISSION PATH AND CENTRAL ASIAN INFLUENCE OF DUNHUANG CULTURE FROM THE PERSPECTIVE OF CULTURAL CONNECTIONS

Кыскача мүнөздөмө: Салттуу кытай цивилизациясынын маанилүү символу болгон Дуньхуан маданияты Улуу Жибек жолу аркылуу Борбордук Азияга кеңири тарап, искусство, дин жана архитектура сыяктуу ар кыл чөйрөлөрдү камтыган. Фрескалар жана буддисттик мотивдер Борбордук Азия буддизминин көркөм стилине таасир этсе, кечилдердин жана элчилердин өз ара алмашуусу